Алай АШКдагы КГОРдун секретариатынын

# №1 ЧЕЧИМИ

Гүлчө айылы Алай АШК 29.12.2020

Отурумга Алай АШК, КГОРдун мүчөлөрү толугу менен катышты

Күн тартибиндеги каралуучу маселе:

1. КР БШК КГОРунун секретариаты 28-декабрь 2020-жылкы №26 билдирүүсү жөнүндө

Угулду: “Общее дело” коомдук уюмуна КР президенттикке талапкер Мадумаров Адахан Кимсанбаевичтин агидаторлуугу атын атабай Алай районунда эл менен жолугушу өткөрүү үчүн райондук маданият үйүн сураган.

Ал үчүн Алай райондук маданият бөлүмүнүн башчысы Эдил Бакаев билдирүү жасады (билдирүү тиркелет).

Ошондой эле КР Президенттигине талапкер Мадумаров Адахан Кимсанбаевичтин координатору Абжапарова Акмаралдын билдирүүсүн угуп (билдирүү тиркелет).

КР Президенттигине талапкер Мадумаров Адахан Кимсанбаевич Алай райондук маданият үйүндө жолугушу өткөрүү үчүн Алай аймактык шайлоо комиссиясына, ички иштер бөлүмүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына эч кандай билдирүү берген эмес.

Ошондуктан Алай аймактык шайлоо комиссиясындагы КГОРдун катчылыгы

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ

1. КР БШК КГОРдун 28-декабрь 2020-жылдагы №26 билдирүүсү боюнча шайлоо мыйзам бузуу болгон жоктугу белгиленсин.
2. Ушул чечим КР БШК КГОРунун секретариятына билдиремин.

26

Алай АШКнын төрагасы, КГОР Жороев А.

Алай райондук ыкчам чара
коруу тобуна Президентике
талапкер Мадумаров Адахан
Кимсанбаевичтин Алай
районундагы координатору
Абжапарова Акмарал
Эсенгелдиевнадан

# Билдируу

Менин билдируумдун себеби томондогучо биз президентике талапкер Адахан Кимсанбаевичтин 19-декабр 2020-жылы Алай районунун эли менен жолугушуу болмок, бирок ошол кунго жолугушууну туура келбендигине байланыштуу, Адахан Кимсанбаевич, сый урмат мейман достук салтты кармап жол берген, озу Чон-Алай, Сары-могол элдерине жолугушууга кеткен. Ошого байланыштуу биз, Алай райондук администрациясына, Алай РОВД-не-а Алай элдик маданият уйуна эч кандай билдируу берген эмеспиз, сураган да жокпуз. Балким бул биздин атыбызда кимдир бироолор каралоо ниетин колдонгусу келгендир.

Алай р-ну Ыча Президентике
талапкер Мадумаров Адахан
Кимсанбаевичтин
координатору: Абжапарова Акмарал.

29/XII 2020-ж. [signature]

**Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлиги**
Алай райондук маданият бөлүмү

**Министерство культуры, информации и туризма Кыргызской Республики**
Отдел культуры Алайского района

715300 Гулчо айылы, Курманжан Датка коч № 24 тел (0-3234) 5-11-85 5-11-88


№ 47 «29» декабрь 2020-жыл

Алай райондук Ыкчам чара көрүү тобуна

Алай райондук маданият бөлүмүнөн

## БИЛДИРҮҮ

2020-жылдын 15-декабрь күнү белгисиз эки жигит келип маданият үйүнүн кеңсесине келип, биз А.Мадумаровдун үгүт иштери боюнча келдик дешти. Эл менен жолугууга маданият үйүнүн көрүү залын берип турууну өтүнүштү. Тилекке каршы маданият үйүнүн арткы жагына балдардын эс алуу паркы ачылгандыгына байланыштуу жай айында электр устундары жана чубалгылары кыркылып алынып анын ордуна убактылуу жарык берүүгө зым тартылды эле. Ал зымдар көрүү залынын электр жарыгын жана жылуулугун камсыз кылууга күчү жетбегендиктен көрүү залы өтө суук болгондугун биз келген окүлдөргө бардыгын түшүндүрүп айтып көргөзгөнбүз. Алар шартты көрүп кетишкен. Бизге алар келгенде биринчиден өздөрүн тааныштырган жок, экинчиден талапкердин атынан бизге эч кандай жазуу жүзүндө кайрылуу берген жок.

Алай райондук маданият

бөлүмүнүн башчысы: Э.Бакаев